УДК 400.1

*Гапарова Ч., филол.и.к., доцент*
*Ош мамлекеттик университети*

# ИШ КАГАЗДАРЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ОКУУ МАТЕРИАЛДАРЫНЫН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТКА ЫЛАЙЫК КЛАССТАР БОЮНЧА БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ОКУУ КИТЕПТЕРИНДЕ БЕРИЛИШИ

# РАСПРЕДЕЛЕНИЕ УЧЕБНОГО МАТЕРИАЛА ПО ДЕЛОПРОИЗВОДСТВУ В СООТВЕТСТВИИ С ПРЕДМЕТНЫМИ СТАНДАРТАМИ И ИХ НАЛИЧИЕ В УЧЕБНИКАХ

# MATERIALS GIVEN IN THE BOOKS OF KYRGHYZ LANGUAGE FOR PRIMARY CLASSES, DEALT WITH OFFICE PAPERS, ACCORDING TO SUBJECTIVE STANDARDS

***Аннотация:*** *Макалада башталгыч класстардын “Кыргыз тили” окуу китептеринде иш кагаздарына байланышкан материалдардын предметтик стандарттагы мазмундук талапка ылайык берилиши талдоого алынат.*
***Түйүндүү сөздөр:*** *иш кагаздарынын түрлөрү, предметтик стандарт, көнүгүү-тапшырмалар, өмүр баян, мүнөздөмө, түшүнүк кат.*
***Аннотация:*** *В данной статье анализируются материалы, которые даны в учебниках по кыргызскому языку для начальных классов, связанные с делопроизводством и соответствующие по содержанию предметным стандартам.*
***Ключевые слова****: Виды деловых бумаг, предметный стандарт, упражнения и задания, автобиография, характеристика, объяснительная.*
***Abstract:*** *In this article is analyzed materials given in the books of Kyrgyz language for primary classes, dealt with office papers, according to subjective standards.*
***Key words:*** *Kinds of office papers, subjective standards, exercises and tasks, biography, characteristics, explanatory papers.*

“Иш кагаздарынын айрым түрлөрүн үйрөнүү маселелери 1968-жылдан баштап 5-11-класстардын кыргыз тилинин мектеп программасына киргизилип келе жаткандыгына карабастан, аларды үйрөтүү, жазуу иштери али да болсо канааттандырарлык абалда эмес” [7:4] экендиги белгилүү. Бул маселе башталгыч класстарда да жакшы колго алынбай келе жатат. Белгилүү болгондой, 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген “Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана окуу” боюнча предметтик сандартта окуу материалдары *тыбыш жана тамга; муун, сөз,сөз түркүмдөрү; сөз айкашы, сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрү; кеп маданияты жана иш кагаздары; балдар китептери менен иштөө жана тематикалык тексттер* деген беш мазмундук багытка бөлүнгөн.

Аталган мазмундук багыттардын тематикаларына ылайык лексика-грамматикалык материалдардын жалпы темалары класстар боюнча бөлүштүрүлүп берилген. Алсак, предметтик стандартта иш кагаздары жана анын түрлөрү жөнүндөгү окуу материалдар төртүнчү мазмундук багытта тиешелүү класстарга бөлүштүрүлгөн [3]. Мисалы:

| **№** | **Мазмун-дук багыттар** | **1-класс** | **2-класс** | **3-класс** | **4-класс** |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **4.** | **Кеп маданиясы жана иш кагаздары** | Башкаларды тиешелүү иш-чарага оозеки чакыруу. | Жакын адамдарына саламдашуу катын жазуу. | Жакын адамын туулган күнү, майрамы менен куттуктоо, чакыруу катын жазуу. | Кулактандыруу, чакыруу, куттуктоо каттары. |

Предметтик стандартта белгиленгендей, иш кагаздарынын үлгүлөрү орто мектептин 1-классынан баштап эле үйрөтүлө баштайт. 1-класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө, кабыл алуу жөндөмүнө ылайык аларга иш кагаздары жазуу жүзүндө эмес, оозеки формада жана элементардык негизде үйрөтүлөт.

Ошондуктан биз иш кагаздары жана анын түрлөрүнүн окуу китептеринде берилишин талдоого алганыбызда, соңку жылдарда жарык көргөн, болгондо да, эне тилин текстке байланыштуу окутууга негизделип жазылган "Кыргыз тили" окуу китептерин талдоого аракет жасадык. Соңку мезгилдерде окуу китептерин түзүүнүн дидактикалык жана методикалык талаптары өзгөрүп [4], кыргыз тили тексттердин негизинде үйрөтүлө баштады [5,6].

2-класстар үчүн жазылган "Кыргыз тили" [1]  жана 4-класстын "Кыргыз тили" [9] окуу китептеринде иш кагаздары өзүнчө тема катары берилген эмес жана алар жөнүндө теориялык маалыматтар дээрлик жок. Бирок муну менен предметтик стандартта көрсөтүлгөн иш кагаздары орто мектептин экинчи жана төртүнчү класстарында окутулбайт, бир гана үчүнчү класстардын окуучуларына гана үйрөтүлөт деп айтууга болбойт. Анткени иш кагаздары өз алдынча тема катары киргизилбегени менен анын кээ бир түрлөрүн үйрөтүүгө карата көнүгүү жумуштары берилген.

Алсак, 2-класстар үчүн жазылган "Кыргыз тили" [1]  окуу китебинде "Тыбыш" деген теманын көнүгүү-тапшырмаларында төмөнкүдөй суроо-тапшырма берилген:

***4-көнүгүү.*** *Алгач тексттин каармандары боюнча, андан соң өзүңөрдүн жана бир туугандарыңардын мүнөздөрү боюнча кластер түзгүлө. (9-бет).*

"Жансыз заттарды туюндурган сөздөр" деген темага тиешелүү көнүгүүлөрдө төмөнкүдөй суроо-тапшырма берилген:

***3-көнүгүү.*** *Жансыз заттардын сүрөтүн тартып, кооздоп, ар түрдүү куттуктоо баракчаларын жасагыла. (69-бет)*

"Суроолуу сүйлөм" деген темага тиешелүү көнүгүүлөрдө төмөнкүдөй суроо-тапшырма берилген:

***5-көнүгүү.*** *Суроолуу сүйлөмдөрдү катыштырып чоң ата, чоң энеңерге кат жазгыла. Конвертке салып, дарегин жазып, почтадан жөнөткүлө.(87-бет)*

"Илептүү сүйлөм" деген темага тиешелүү көнүгүүлөрдө төмөнкүдөй суроо-тапшырма берилген:

***2-көнүгүү.*** *Кулактандыруу жазгыла. Анда кандай сүйлөмдөр катышты? Сүйлөмдөрдүн аягына кандай белгилерди койдуңар? Эмне үчүн? (87-бет).*

"Сөздү кепте колдонуу" деген темада төмөнкүдөй көнүгүү берилген:

***4-көнүгүү.*** *Досуңардын туулган күнүндө кандай каалоо-тилек айтасыңар? Ал эми ата-энеңерге, бөбөгүңөргөчү?(107-бет).*

Демек, жогорудагы көнүгүүлөрдүн мазмунунан байкалгандай, орто мектептердин 2-класстарынын окуучулары иш кагаздарынын түрлөрүнүн ичинен салам кат, кулактандыруу, куттуктоо жазууну билишет жана мүнөздөмө жазууга даяр болушат.

Жогоруда үлгү катары берилген көнүгүү-тапшырмалар предметтик стандартта 2-класстар үчүн жазылган "**жакын адамдарына саламдашуу катын жазуу"** деген мазмундук өлчөмдөн көбүрөөк билим берилерин айгинелейт.

3-класстын "Кыргыз тили" [2]  окуу китебинде иш кагаздары жана анын түрлөрү өзүнчө тема катары берилген. Анда төмөнкү темалар киргизилген: "Иш кагаздары", "Өмүр баян жазуу", "Мүнөздөмө жазуу".

Жогоруда аталган “Иш кагаздары” темасынын ичинде түшүнүк кат жана кулактандыруунун үлгүлөрү берилген.

Предметтик стандартта **“жакын адамын туулган күнү, майрамы менен куттуктоо, чакыруу катын жазуу”** деген 3-класстардын окуу программасы үчүн коюлган мазмундук талап так аткарылбаганы менен, аталган мазмундан көбүрөөк билим берилери байкалат. Окуучулар предметтик стандартта берилбеген өмүр баян, мүнөздөмө, түшүнүк кат, кулактандыруунун үлгүлөрүн жазууну 3-класстан баштап эле үйрөнүшөт.

Бирок муну менен орто мектептердин 3-класстарынын окуучулары **“жакын адамын туулган күнү, майрамы менен куттуктоону, чакыруу катын жазууну”** билбей калышабы деген суроо туулат. Аталган иш кагаздарынын үлгүлөрү менен окуучулар 2-класста көнүгүүлөрдүн негизинде эле таанышып, аларды жазууга көнүгүшкөн. Ал гана эмес, 3-класстын окуу китебинде да бул багыттагы көнүгүү-тапшырмалар берилген. Алсак,“Уңгулаш этиштер” темасында төмөнкүдөй көнүгүү берилген:

***4-көнүгүү.*** *Кыргыз тилин билбеген өзүңөр теңдүү балдарга кандай кеңеш берет элеңер? Кеңешиңерди кат кылып, сылык түрдө жазгыла.* (30-бет).

“Чыгыш жөндөмөсү” темасынын ичинде төмөнкүдөй көнүгүү бар:

***5-көнүгүү.*** *Эми силер Аяз атага кат жазгыла. Анда бардык жөндөмөдө турган сөздөр катышсын. Суроосун жазып, астын сызгыла.* (55-бет).

“Сүйлөмдүн ээси” грамматикалык темада төмөнкү көнүгүү берилген:

***2-көнүгүү.*** *Ата-энеңерге кат жазгыла. Силер да эсептешесиңерби? Сүйлөмдөрдөгү ээлердин астын сызгыла.* (118-бет).

Демек, аталган көнүгүү-тапшырмалардын суроолору предметтик стандартта класстар боюнча берилген окуу материалдарынын мазмунуна туура келет.

Орто мектептин 4-класстары үчүн жазылган “Кыргыз тили” (Бишкек, 2015; авторлору - Б.С.Чокошева, А.Р.Акунова) окуу китебинде иш кагаздары жана алардын түрлөрү жөнүндө бир да окуу материалы киргизилген эмес. Көнүгүү-тапшырмалардын суроолорунда да иш кагаздарынын үлгүлөрүн жазууга көнүктүрүүчү бир да машыгуучу жумуштар берилген эмес. Окуу китебинде көбүнчө аңгеме жазуу сыяктуу тапшырмалар берилген.

4-класстары үчүн жазылган “Кыргыз тили” [9] окуу китебиндеги көнүгүү жумуштарынын ичинен, болгону, бир гана көнүгүү иш кагаздарына арналган. Алсак, “Сан атооч сөздөрдүн жазылышы” деген грамматикалык теманын ичинде төмөнкүдөй көнүгүү берилген:

***5-көнүгүү.*** *Ата-энеңердин, бир тууганыңардын туулган жылын, күнүн дептериңерге жазгыла. Аларга куттуктоо баракчаларын жасагыла.* (114-бет).

Предметтик стандартта 4-класстарга иш кагаздары боюнча өтүлүүчү окуу материалдарынын берилиш талабы боюнча **“кулактандыруу, чакыруу, куттуктоо каттары”** өтүлүшү керек эле. Биз окуу китебинде берилген көнүгүү-тапшырманын мазмунун эске алсак, анда 4-класста куттуктоо каты гана жазылары белгилүү болду. Муну менен окуу китептериндеги окуу материалдары туура эмес жайгаштырылган, предметтик стандарттагы мазмундук багыттар боюнча окуу материалдарынын класстар боюнча жайгаштырылыш чен-өлчөмү сакталган эмес деп жыйынтык чыгарууга болбойт. Бирок бул көрүнүш грамматикалык материалдардын тиешелүү класстарда өтүлүшүнө терс таасир этпейт жана алардын мазмундук талабын бузбайт. Анткени “Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу” боюнча мамлекеттик стандартта окуу китептериндеги, колдонмолордогу теориялык материалдарынын орду мамлекеттик стандартта белгиленгендей орун-тартипте жайгашышы сөзсүз эмес экендиги, аларды окуучулардын курактык жана кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ордуларын өзгөртүүгө уруксат берилери белгиленген [3:31].

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстын окуу китептеринде мамлекеттик стандарттагы иш кагаздары боюнча окуу материалдарынын мазмуну толук сакталган жана стандартта берилбеген өмүр баян, мүнөздөмө, түшүнүк кат боюнча да окуу китептеринде маалыматтар берилгендигин байкай алдык.

**Адабияттар:**


1. Акунова, А.Р., & Чокошева, Б.С. (2013). Кыргыз тили. - 2-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн. - Бишкек.
2. Акунова А.Р., & Чокошева Б.С. (2013). Кыргыз тили. - 3-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн. – Бишкек.
3. Токтомаметов, А.Д., Абдухамидова, Б.А., & Баимбетова Н.К. (2015). Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт.
4. Рысбаев, С.К. (2013). Окуу кыргыз, орус, өзбек, жана тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин "Кыргыз тили жана окуу" китептеринин мазмунуна коюлуучу дидактикалык жана методикалык талаптар.
5. Amanda J. Rockinson- Szapkiw, Jennifer Courduff, Kimberly Carter, & David Bennett, (2013). Electronic versus traditional print textbooks: A comparison study on the influence of university students' learning, Computers & Education, Volume 63, , Pages 259-266, https://doi.org/10.1016/j.compedu.2012.11.022
6. Aurora Torrents, Francesc Bofill, Genís Cardona, (2011). Suitability of school textbooks for 5 to 7year old children with colour vision deficiencies, Learning and Individual Differences, Volume 21, Issue 5, Pages 607-612, https://doi.org/10.1016/j.lindif.2011.07.004
7. Үсөналиев С. (2005). Иш кагаздары жана аларды жазуу үлгүлөрү.
8. Чокошева Б.С. (2017). Башталгыч класстарда кыргыз тилин текстке байланыштуу окутуунун технологиясын моделдештирүү: Пед.ил.док. ...дисс. – Б.,
9. Чокошева Б.С., & Акунова А.Р. (2015). Кыргыз тили. - 4-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн. - Бишкек.